УДК: 373

Курманалиева Ч.А., Шамыркулова В.Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# З. МАРАЗЫКОВАНЫН «АЛИППЕ» ОКУУ КИТЕБИНИН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА АНЫ ОКУТУУ

*Макалада Алиппе окуу китебинин өзгөчөлүктөрү туурасында берилген маалыматтарга кеңири токтолуу менен алардын мааниси ачылып берилген жана китепте дидактикалык материалдардын сабак өтүүдө жетишсиз экендигин белгилөө үчүн кошумча материалдар менен өтүлгөн сабактын планы иштелип чыккан.*

З. Маразыкованын «Алиппе» окуу китебиндеги эң негизги жаңылык-окуу материалы менен жазуунун бирге берилгендиги, б.а., ариптерди тааныштырууга, сабат ачууга арналган тыбыштык-муундук тамгалык талдоо-жыйноо, окуу материалдары менен кошо жазуунун (тамгасыз, тамгалуу) үлгүлөрүнүн бириктирилип, бир гана «Алиппе-дептерге» берилиши. Демек, бул окуу китеби бир гана окуу жылы пайдаланылып, жыл сайын кайра басылып турууну сунуш кылган.

Окуучулардын пайдалануусу үчүн өтө ыңгайлуу бир өзгөчөлүгү - китептин эле бетине тапшырмаларды аткарып, тиешелүү көнүгүүлөрдү, ыктарды үйрөнүп, окуп, жазып, билимге ээ болуусу болуп саналат.

Китептеги ариптер тилибиздин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ылайык, катар менен тааныштыруу ыңгайына жараша берилген жана орус графикасынан кабыл алынган ариптерди тааныштыруу кийинки планга калтырылган.

Ал эми алиппе мезгилинен кийинки окулуучу материал экинчи бөлүккө жайгаштырылып, «Өзүм окуй аламын» деген ат менен окуучуга тартууланган. Андагы окууга берилген материалдар баланын кызыгуусуна, алты жашар курагына сабаттуулук деңгээлине жараша тандалган. Ал чыгармаларды окутууда сабаттуулукту арттыруу менен бирге тарбиялоо жагдайында да иш алып баруу жумуштары каралган.

Мында эң негизгиси, окуучулардын билгичтигине баа койбой билимдин негизине ээ кылуу ыраатына калыптандыруунун мааниси зор экендигине көңүл буруубуз зарыл.

«Алиппе-дептердеги» дагы бир өзгөчөлүктөрдүн бири- ариптердин оордон жеңилге карай блоктор менен тааныштырылышы жана ага ылайык материалдардын сунуш этилиши. Башкача айтканда, I-блок 3-беттен 6-бетке чейин, II-блок 5-бетте ж.б.

Мындай жайгаштырууда ошол аталган блоктор боюнча окуучулардын алган билимдери жыйынтыкталып, өтүлгөн материалдар бышыкталат.

Автор «Алиппе» окуу китептеринин өзгөчөлүктөрү жөнүндө: «Окуу куралдагы тамга катарынан башка сөз оюндары, тамгасыз моделдер, ребустар, кызыктуу муундар менен окуучулар өз алдынча ой жүгүртүүгө аракет жасашат. Буларды мугалим менен бирге иштесе да болот. Андан ары жазуунун үлгүсү менен машыктырылат. Ошентип, сабат ачууда бир гана окуу куралы пайдаланылып, мурдагыдай китепти ач, таза жазууну ач, ж.б. деп отурбайт, окуучунунун убактысын алып, алагды кылбайт, билүү адатына үзгүлтүк болбойт. Качан гана алиппе мезгили бүткөндөн кийин, атап айтканда, «Өзүм окуй аламын» окутула баштаганда гана окуу, жазуу бөлүнөт, жөнөкөй дептерде иштөө жана тиешелүү туура жазуу көнүгүүлөрү аткарылат» - деп белгилеп өткөн [1, 21-б.].

Ал эми, бул алиппе окуу китебинде сабат ачуу иштери кандайча жүргүзүлөт жана ал кандай ыктарды талап кыларына токтолуп өтөлү.

Сабат ачуу - алиппеге чейинки, алиппе мезгили болуп, атайын ырааттуу иштер жана милдеттер менен берилген. Ошондой болсо да бул мезгилдердин өзүнө ылайык өзгөчөлүктөрү, талаптары бар: сабатка үйрөтүүдөгү даярдыктар алиппеге чейинки мезгилде жүргүзүлүп, сөз өстүрүү жумуштарына, тамгасыз белгилер менен иштөөгө басым жасалат. Өтүлүүчү сабактарда окуучуларды сүйлөм, сөз, муун, тыбыш менен тааныштыруу жана аңгемелешүүлөр, практикалык иштер, сөз, сүрөт боюнча сүйлөшүүлөр, көнүгүүлөр аткарылат.

Алиппе мезгилиндеги негизги натыйжалуу ыктардын методдордун бири тыбыштык-тамгалык-муундук талдоо-жыйноо экендиги анык. Бул ыкма убагында К.Д. Ушинский тарабынан негизделип, бүгүнкү күндө да өз күчүн жогото элек, ал окуучунун акыл эс жөндөмүн өстүрүүгө ыңгайлуулугу менен өз тарыхында бир топ өркүндөөлөргө, жаңылыктар менен толуктанууга (Д.И. Тихомиров, В.И. Вахтёров, В.А. Флёров, А.И. Воскресенская, ж.б.) дуушар болгон.

Алиппе мезгилиндеги сабактар жеңилден ооргo карай китептин ар бир бетиндеги материалдардын ар түрдүүлүгү (муун, сөз, сүйлөм, сөз оюндары, жазууга тапшырмалар, тамгасыз талдоого моделдер, ж.б.) менен окуучулардын даярдоо деңгээлине, курагына ылайыкталып, ошого жараша ар бир тамгага карата «Алиппе-дептердин» окууга, жазууга тапшырмалары арта берген. Күнүгө жаңы текст, жаңы сөз, сүйлөм менен тааныш болгон бала тез окууга үйрөнөрү бышыкталган. Мисалы, окуу куралынын биринчи бетиндеги тапшырмалар тааныштырылып жаткан тыбыш-тамгага карата тыбыштык-муундук талдоого берилсе, экинчи беттегилер ал тыбыш катышкан сөздөрдү, сүйлөмдөрдү окууга жана жазууга берилген. Мындай ырааттуулук баланын үзгүлтүксүз, чарчабай, оюндун арасында сабатын ачуусуна шарт түзгөн. Тапшырмалардын сөз оюндары менен коштолуп, баланын тапкычтыгын, ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө арналганы ар иштин максаттуулугун, жоопкерчиликти жогорулатууга багытталгандыгын билдирип турат.

Үндүү тыбыштарды даярдоо мезгилинде үн тууроо менен үйрөтүү, жаныбарлардын үнүн туурап, тыбыштарды угуу, айтуу бир топ жакшы ыкмалардын бири катары каралгандыктан, адегенде үндүү тыбыштар тааныштырылып, андан кийин аларды кайталап, окуучулардын билүүсүн, адаттарын текшерүүгө, атайын жыйынтыктоочу тапшырмалары бар беттер арналган. Бул материалдар менен иштөө окуучуларга көрсөтмөлүү өтүлгөндө гана алардын кабылдоосуна абдан жеңил жана таасирдүү болгон.

Окуу куралдагы тамга лентасы (мурда өтүлгөн тамгалардын катары) күнүгө сабактын башталышында кайталанып, эске түшүрүлүп, аталып турушу керек жана аны менен иштөөгө мугалим атайын минуталарды ыйгаруусу зарыл. Таза жазуу көнүгүүлөрү ар бир сабакта иштин жүрүшүнө ылайык жүргүзүлөт да кыймылдуу көнүгүүлөр аркылуу даярдоолордон кийин, (колдун манжалары үчүн) жазуунун элементтерин аткаруу тапшырылат. Алты жаштагылардын курактык өзгөчөлүктөрүнө жараша иштин өлчөмү, түрү, оор, жеңили эске алынып турулуусун талап кылат. Ошондуктан мугалим баланын психологиялык өзгөчөлүгүн мыкты билүүсү абзел.

Китептеги жазууга арналган тапшырмалар карандаштын көрсөтмөсү боюнча окуучуга багыт берип, жазуунун үлгүлөрү көрсөтүлгөн «дептердин» сызыктарына ар бир тамганын элементтери, негизги сызыктарга тамганын жазылышы жазуунун гигиеналык талаптары, улап жазуудагы тамгалардын байланыштары (жогорку, төмөнкү, ортоңку) көрктүү, удаалаш жазуу, жана башкалар үлгүдө даана көрсөтүлүп турат. Муну менен иштөө мугалимге да, окуучуга да жеңилдикти түзгөн.

Алиппе мезгили бүткөндөн кийин гана жөнөкөй дептерге мугалим көнүгүүлөрдү аткарууга көрсөтмөлөрдү жазып берип, же адаттагы сабактарда классты жетекчиликке алуу менен туура жазуу көнүгүүлөрүн аткартат. Ошондой эле иштин көлөмү 3-4 саптан ашпоосу керек.

Жазууга үйрөтүүдөгү көрүлүүчү даярдыктар гигиеналык талаптарга ылайык бир нече этаптар боюнча жүргүзүлүп, төмөнкүлөр менен белгиленет:

• тамгалардын элементтерин таануу жана көрүү,
• көрбөй туруп, эсте сакталганы боюнча моделдөө,
• салыштырып окшошторун издөө,
• туташ тексттен, сөздөн ал тамганы табуу.

Тамганы жазууну элементтерин саноо менен абада, доскада, суу менен, кагазда жазуу көнүгүүлөрүнөн кийин гана дептерге жазып баштоо сунуш кылынат. Бул сыяктуу иштин түрлөрүнө жараша сабатка үйрөтүү, сабат ачуу сабактары бир нече типтерге бөлүнөт. Ошол типтерге жараша сабактарда муун, сөз, сүйлөм жөнүндөгү түшүнүктөр калыптандырылып, улам кайрылып, токтолуп туруучу иштер бар. Буларды ачык, так элестете албаган окуучулар менен сапаттуу окууга жана жазууга жетишүү мүмкүн эмес. Алгачкы мезгилдерде сүрөттөр менен баланын сөзүн өстүрүү, байланыштуу сүйлөм адатына калыптандыруу жумуштары үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келип, бара-бара оозеки текст түзүүгө, айтууга үйрөтүлө баштайт. Ошентип балада өз алдынча иштөө, чыгармачылык шык жаралып, мазмундама, аңгеме жаратууга көнүгүшө баштайт. Ошондой эле чакан чыгармалардагы текст, сүрөт, аңгеме менен иштей билүүгө жетишкенден кийин, баланын китеп окууга, башкача айтканда, «Билим дүйнөсүнө» саякаты башталып, дүйнөгө, турмушка, жаратылышка карата сабаты, мамилеси ачылып, алгачкы кадамын шилтейт.

Мугалим менен окуучунун өз ара кызматташтыгын, түшүнө билүүлөрүн, алардын окуу аракеттерине болгон кызыгууларын ишке ашыруудагы негизги каражат китеп, анткени, китеп аркылуу гана окуучу жеңил аракеттенип, бара-бара андан ажырагыс абалда өз алдынча иштөө көндүмүнө ээ боло алат.

Китептин өзгөчөлүгүнө жараша, атап айтканда, баардык тапшырмалар китептин бетинде аткарылгандыгына байланыштуу окуучунун өзү изденип, байкап, аракеттенип иштеп, тапшырмаларды аткаруусуна, билгичтикке ээ болуусуна мүмкүндүк берет. Бул жагдайда

окуучунун туура ой жүгүртүп, туура сүйлөөсүнө, түшүнүп иштөөсүнө багыт берүү маанилүү, о.э., китептеги сөз оюндар, жазуу тапшырмалары, жаңы сөз куроого ылайык моделдер баланын чыгармачылыгын, шыгын, тапкычтыгын, изденүүчүлүгүн жана көңүл буруусун калыптандыруу менен жоопкерчилигин өстүрүүгө шартталган. Бул сабат ачуу методикасынын кийинки бөлүктөрү сабак-блокторго арналып, мугалимге колдонуучу методикалык кеңештер, көрсөтмө каражаттар, сабактардын үлгүлөрү конкреттештирилип берилген.

Сабак-блоктордо ар бир сабакка токтолуп, кайталап отурбастан, окшош сабактардын максаттары, темалары, жабдылыштары блокторго гана сунуш этилип топтоштурулган.

Ошондой эле сабак-блоктордогу айрым темаларды окутууга жаңыча мамиле жасалгандыктан, азыркы колдонулуп жүргөн ыктардан айырмаланган методикалык ыктар, каражаттар, тапшырмалар, айырмачылыктар кеңири берилген. Ошону менен бирге мугалимдердин чыгармачылык менен иштөөсүнө кенен жол коюлуп, көрсөтмө каражаттарды тандоо, пайдалануу, даярдоо эркиндиги тиешелүү түрдө сакталганы көрүнүп турат.

Сабат ачуу сабактарында адаттагы көрсөтмө каражаттардан башка тамгасыз белгилөөгө керектелүүчү белгилер: кызыл - үндүүнү, жашылы - жумшак үнсүздү, көгү - каткалаң үнсүздү билдирген чарчылар, (буларды математика сабактарында да, ИЗО сабактарында да пайдаланып жүрүшөт) түстүү борлордун колдонулушу талапка ылайык каралган.

Болгондо да алар (фишкалар) ар бир окуучунун иш столунда болуп туруусу менен шартталат. Булардан башка бүктөмө муундар жазылган тилкечелер, кесме муундар, 20×40 см өлчөмүндөгү такталар менен иштөө да жакшы натыйжаларды берген.

Жогорудагыларды далилдөө үчүн төмөндөгүдөй сабактын план конспектиси берилген:

**Алиппе сабагы боюнча план конспект. 1-класс.**

**Сабактын темасы:** Бб тыбышын окутуу.

**Сабактын максаты: а) Билим берүүчүлүк максаты:** окуучуларды Бб тыбышы менен тааныштырып, ал катышкан сөздөрдү окууга үйрөтүү;

**б) Өнүктүрүүчүлүк максаты:** окуучуга берилген муундардын, сөздөрдүн сүйлөмдөрдүн катарынан б тыбышын жана ал катышкан сөздөрдү таптыруу, о.э. б тыбышын катыштырып сөз, сүйлөм түздүрүү менен алардын логикалык ойлоосун арттыруу;

**в) Тарбия берүүчүлүк максаты:** өтүлгөн теманы кунт коюп угууга, так, туура өздөштүрүүгө, о.э. тартиптүү болууга багыт берүү.

**Сабактын методу:** аңгемелешүү.

**Сабактын тиби:** жаңы билимдерди берүү.

**Сабактын түрү:** сабак-аңгеме.

**Сабактын предмет аралык байланышы: м**атематика, мекен таануу, адеп.

**Сабактын жабдылышы:** Б тамгасынын ватман бетинде берилиши, түстүү сүрөттөр, кесме тамгалар, схема ж.б.


**Сабактын жүрүшү:** 1. Уюштуруу бөлүмү: а). Окуучулар менен саламдашуу.

б). Класстын тазалыгына көңүл буруу, в). окуучулардын жетиш-катышын текшерүү,

г) үй тапшырманы текшерүү

2. Негизги бөлүм: жаңы теманы түшүндүрүү.

-Балдар, биз силер менен бүгүн б тыбышын өтөбүз. Ал үнсүз жана жумшак тыбыш. Бул сүрөттөрдү карагыла, эмнелерди көрүп турасыңар?



-Бул баланын, балыктын жана баканын сүрөтү.

-Бул сөздөрдө б тыбышы катышып жатабы?

- Ооба, үч сүрөт тең б тыбышы менен башталып жатат.

- Азаматсыңар! Келгиле анда, төмөндөгү табышмакты угуп, жообун ойлонуп таап көрөлү:
Кулагы жок,
Тили жок.
Кургактыкта үнү жок.
Култулдатып кармасаң,
Кыйкырууга үнү жок.
Көбөйткүлө, баккыла,
Мунун атын тапкыла (*балык).*

Окуучулар табышмактын жандырмагын «Балык» деп табышат.

-Балдар,балык деген сөздү эми муунга бөлүп айткыла. Б тыбышы кайсыл муунда турат?

| БА-ЛЫК |
|---|

- Б тыбышы сөздүн биринчи муунунда, сөздүн башында турат.
- Азаматсыңар! Азыр болсо, төмөндөгү сөздөрдү бат-бат айтабыз:

| | |
|---|---|
| Бат | бал |
| Бак | бат |
| Бал | бак |

Бул сөздөрдү баттан айтууда балдар б тыбышын жеңил өздөштүрүп калышат.

- Эми, бул графанын ичиндеги берилген тамгалардан сөз курап окугула. Ачык графанын ордуна б тыбышынын тамгасын койгула. Сөз куралып бүткөндөн кийин ар бир графадагы сөздөрдү баш жагынан туура сызык боюнча окуп, кандай сөз пайда болгондугун айтып бергиле.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | А | К | Ы | Т |
| | У | Л | А | К |
| К | У | | А | Н |
| | У | Т | А | К |

- Биринчи графада кандай сөз пайда болду?
- «Бакыт» деген сөз пайда болду.
- Экинчиси эмне деген сөз?
- «Булак» деген сөз.
- Үчүнчү сөздөчү?
- «Кубан» деген сөз.
- Төртүнчү сөздө кандай сөз пайда болду?
- «Бутак» деген сөз пайда болду.

Жогорудагы тапшырмалар аткарылып бүткөн соң, Б тыбышына карата төмөндөгү бир куплет ыр сунуш кылынат жана ал ырдын текстин мугалим жай окуп берет. Мугалим ырдын текстин окуудан мурда балдарга төмөндөгүдөй тапшырмаларды сунуш кылат.

- Балдар мен азыр ыр окуп беремин. Силер ырдын ар бир сабындагы сөздүн башына келген тамгаларды байкап тургула. Мен окуп жатканда силер аты аталган баш тамгаларды бирден алып сөз курап, андан эмне деген сөз пайда болгондугун айтып бергиле.

Бакылдайсың, ойнойсуң,
Айлананда көк камыш,
Көлмө сенин мекениң,
Алтын тоого алмашкыс.

- Сөз курадыңарбы? Эмне деген сөз пайда болду?
-«Бака» деген сөз пайда болду.
- Бул сөздө **б** тыбышы катышып жатабы?
- Ооба, сөз **б** тыбышы менен башталып жатат.
- **б** кандай үнсүз?
- жумшак үнсүз.
- Жумшак үнсүздүн шарттуу белгиси кандай белгиленет?
- Жашыл тегерекче менен белгиленет.

Ушул сыяктуу көнүгүүлөр аткарылгандан кийин мугалим окучуларды эс алдыруу үчүн

төмөндөгүдөй физминутка жасатат:

Бир дегенде кол сунам,
Эки десе олтурам.
Үч дегенде мурдагы.
Калыбымда тик турам.
Жүгүрүп басабыз,
Колдорду жазабыз.
Муштумдарды түйөбүз,
Оюн жайын билебиз.
Бирде оң кол менен,
Бирде сол кол менен,
Алмей-телмей урабыз,
Бир орунда турабыз.
Чаалыкканда токтойбуз,
Боксёрлорго окшойбуз.
Бир, эки, үч,
Чыңайбыз күч.

- Кана балдар, эс алып алдык окшойт, эми окууга киришели.

З.Маразыкованын алиппесинде **б** тыбышына арналган китеп бетиндеги тапшырмалар 45-бетте берилген. [2, 45-б.]

Биринчи кезекте, окуучулар кара тамга менен жазылган муундарды, андан кийин эки муундан турган сөздөрдүн баардыгын окуп чыгышат жана буга карата мугалим төмөндөгүдөй тапшырма сунуш кылат:

-балдар бул сөздөргө сүйлөм түзүп көргүлөчү.

Окуучулар мындай сүйлөмдөрдү түзүшөт:

1. бала ойноду.
2. Балык суудa сүзөт.
3. Менин бөбөгүмдүн аты Кубан.
4. Болот менин досум.
5. Тоодо булак агат.

-Азаматсыңар! Келгиле эми, китептеги сүйлөмдөрдү окуп көрөлү.

Окуучулар сүйлөмдөрдү муундап окушат:

Бул – бул-бул. Бул-бул бак-ка ко-нот.

А-нын ү-нү ук-ку-лук-туу бо-лот.

-Схеманы карагыла:




Окуучулар мугалимдин көрсөтүүсү менен схемадагы сөздөрдүн баардыгын кошуп окуп чыгышат.

-Балдар, китепте эмненин сүрөтү берилиптир?

-Балтанын.

-Балта деген сөзгө сүйлөм түзүп көргүлөчү.

-Биздин үйдө балта бар.

-Эми төмөндөгүгө көңүл бурабыз:

БАЛА
3 4 2 1

-Сандарды тартибине келтирсек эмне деген сөз пайда болот?

-Алба.

-Азаматсыңар!

Китептеги тапшырмалар аткарылып бүткөндөн кийин мугалим сабакты мындайча бышыктайт:

-Балдар эсиңерде барбы, **б** кандай тыбыш эле?

-үнсүз тыбыш.

-Ооба, **б** дагы кандай тыбыш?
-Жумшак.
-б тыбышы катышкан сөздөрдү таап айтып көргүлөчү?
-бак, белек, бешик, бал, аба…

Сабак бышыкталып бүткөн соң, үйгө бул сыяктуу тапшырмалар берилет:

1. Китептеги сөздөрдү, сүйлөмдөрдү окуп келүү.
2. Б тыбышы менен башталган нерселердин сүрөтүнөн үчтү тартып келүү.

Окуучулардын билимин баалоо:

Окуучулар сабакка катышкандыктарына жараша алган бааларын «баа таблосунан» алышат. Ал төмөндөгүдөй түзүлүштө болот:

| | |
|---|---|
| 5 | ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ |
| 4 | ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ |
| 3 | ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ |
| 2 | ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ |
| | |

Окуучулардын тийиштүү баалары алынып бүткөндөн кийин «баа таблосу» төмөндөгүдөй түргө келет:

| | |
|---|---|
| 5 | ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ ☻ |
| 4 | ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ ■ |
| 3 | ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ ▲ |
| 2 | ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ ◘ |
| | |

Адабияттар


1. Маразыкова З. Сабат ачуу (Алиппе китебинин методикалык колдонмосу). -Б., 1994.
2. Маразыкова З. Алиппе. -Б., 1994.
3. Осмонкулов А. Кыргызстанда эл агартуу иштеринин жана эне тилин окутуунун тарыхынан. -Ф., 1974.
4. Шыгаев У. Сабактын сапаттуулугу үчүн. -Ф., 1968.